**УДК: 37.013:37.025:373 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.402**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАР АРКЫЛУУ ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ МУЛЬТИМЕДИЯ КАРАЖАТТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ

***Заилова Жумагүл Жусупбаевна,***
*ORCID* ***0009-0004-5467-6177*** *,*
***окутуучу,***
***Ош мамлекеттик педагогикалык университети,***
***Ош шаары, Кыргызстан, zzailova87@mail.ru***

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МУЛЬТИМЕДИЙНЫХ СРЕДСТВ В ЭКОЛОГИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ ЧЕРЕЗ ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ТВОРЧЕСТВО В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

***Заилова Жумагуль Жусупбаевна,***
*ORCID* ***0009-0004-5467-6177*** *,*
***преподователь,***
***Ошский государственный педагогический университет,***
***г. Ош, Кыргызстан, zzailova87@mail.ru***

# USING MULTIMEDIA TOOLS IN ECOLOGICAL EDUCATION THROUGH ARTISTIC CREATIVITY IN PRIMARY SCHOOL

***Zailova Zhumagul Zhusupbaevna,***
*ORCID* ***0009-0004-5467-6177*** *,*
***teacher,***
***Osh State Pedagogical University,***
***Osh city, Kyrgyzstan, zzailova87@mail.ru***

**Аннотация.**

Макалада башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык аң-сезимин калыптандырууда көркөм чыгармаларды мультимедиа каражаттары менен айкалыштырып сабак өтүүнү карадык. Заманбап билим берүүдө бул ыкма окуучунун табиятка болгон мамилесин өзгөртүүгө, жаратылышты сүйүүгө жана сактоого үйрөтүүдө натыйжалуу экени белгиленди. 3-класстын окуу программасындагы Мидин Алыбаевдин “Коңур күз” ыры негизинде уюштурулган интерактивдүү сабак мисал катары келтирилди. Сабакта PowerPoint, видео, музыка жана сүрөттөр аркылуу окуучулар ырдын мазмунун терең түшүнүп, поэзияны талдоого, сезимдерин билдирүүгө жана табият менен байланыш түзүүгө үйрөнөрү көрсөтүлдү. Мындай метод экологиялык тарбияны кызыктуу жана жеткиликтүү кылып, балдардын чыгармачылык жөндөмүн, логикалык ой жүгүртүүсүн жана эстетикалык табитин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Экологиялык маданиятты калыптандыруу мектепке чейинки курактан баштап жогорку окуу жайларында да тынымсыз берилчү билим экендиги баса көрсөтүлдү. Макала мугалимдер үчүн практикалык сунуштарды да камтыйт.

**Ачкыч сөздөр:** Экологиялык тарбия, башталгыч класстар, экологиялык аң-сезим, мультимедия каражаттары, көркөм чыгарма,интерактивдүү сабак ж.б.

**Аннотация.**

В статье рассмотрено проведение уроков с использованием художественных произведений в сочетании с мультимедийными средствами для формирования экологического сознания у учащихся начальных классов. Отмечено, что в современном образовании этот метод эффективен для формирования у учеников отношения к природе, приучения их любить и сохранять окружающую среду. В качестве примера приведен интерактивный урок на основе стихотворения Мидина Алыбаева «Коңур күз» в программе 3-го класса. Показано, что с помощью PowerPoint, видео, музыки и изображений учащиеся глубже понимают содержание стихотворения, учатся анализировать поэзию, выражать свои чувства и устанавливать связь с

природой. Такой метод делает экологическое воспитание интересным и доступным, способствует развитию творческих способностей, логического мышления и эстетического вкуса детей. Подчеркивается, что формирование экологической культуры является непрерывным процессом, начинающимся с дошкольного возраста и продолжающимся в высших учебных заведениях. Статья также содержит практические рекомендации для учителей.

**Ключевые слова:** Экологическое образование, начальная школа, экологическое сознание, мультимедиа, художественное произведение, интерактивный урок и др.

**Abstract.**

The article explores conducting lessons using artistic works combined with multimedia tools to develop ecological awareness in primary school students. It is noted that this method is effective in modern education for shaping students’ attitudes toward nature, teaching them to love and protect the environment. An example is provided of an interactive lesson based on Midin Alybaev’s poem “Коңур күз” from the 3rd-grade curriculum. The lesson demonstrates that through PowerPoint, videos, music, and images, students gain a deeper understanding of the poem’s content, learn to analyze poetry, express their emotions, and connect with nature. This method makes ecological education engaging and accessible, fostering children’s creative abilities, logical thinking, and aesthetic taste. It is emphasized that the formation of ecological culture is a continuous process, starting from preschool and continuing through higher education. The article also includes practical recommendations for teachers.

**Keywords:** Environmental education, elementary school, environmental awareness, multimedia, artwork, interactive lesson, etc.

**Киришүү.** Бүгүнкү күндө жаратылышты коргоо жана экологиялык маданиятты калыптандыруу - билим берүү тармагында өзгөчө мааниге ээ болгон маселелердин бири. Айрыкча башталгыч класста окуган балдардын экологиялык аң-сезими жаңы калыптанып жаткандыктан, мугалимдер тарабынан өз убагында туура методдорду колдонуу абдан маанилүү. Көркөм чыгармаларды мультимедиа технологиялары менен айкалыштырып пайдалануу заманбап, натыйжалуу жана балага жеткиликтүү ыкма болуп саналат.

Экологиялык аң-сезим - бул жаратылышка болгон мамиле, табияттагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү түшүнүү, жаратылышты сактоого жана коргоого үйрөнүү, ага жоопкерчилик менен кароо. Баланын мындай аң-сезими башталгыч куракта калыптана баштайт, жана бул учурда туура тарбия берүү - келечекке болгон табият алдындагы чоң жоопкерчилик деп эсептейбиз.

Экологиялык билим берүү – экологиялык бузулуулардан улам келип чыккан билим берүү тармагы, адамзаттын табиятка үстөмдүк кылуу аракетинен келип чыккан нерсе кайрадан адамдын аракети менен гана оңдолот. Ошондуктан, мектепке чейинки билим берүүдөн баштап, жогорку окуу жайга чейин тынымсыз берилчү зарыл болгон экологилык маданиятты калыптандыруу маанилүү. [4]

Мультимедиа - бул видео, аудио, анимация, сүрөт жана интерактивдүү элементтерди айкалыштырган технология. [2]

Элдин тарыхы, анын табияты, эмгек, адамдык мамилелер, искусство жөнүндөгү түшүнүктөрү менен тааныштыруу үчүн элдик уламыштар, жомоктор, мифтер, ырлар жаш жеткинчектердин курактык өзгөчөлүгүнө жараша тандалып алынган. Бул элдик маданий мурас көпчүлүккө жугумдуу, жетик тилге ээ болуу менен жагымдуу маанайды жарата алгандыктан, калк арасына кеңири тараган жана колдонулган. Башталгыч класста да ошондой чыгармалар арбын кездешет. Табиятка арналган чыгармалар баланын жан дүйнөсүнө жакын болуу менен турмуштук элестөөлөрү калыптанат. [5]

Биз балдарга арналган көркөм чыгармалар (жомоктор, аңгемелер, ырлар) аркылуу экологиялык түшүнүктөрдү берүүдө башталгы класстын 3- класстын окуу программасында берилген М.Алыбаевдин “Коңур күз” чыгармасын мультимедиа каражаттарын пайдаланып өтүүнү карадык.

Биздин максат балдардын көркөм чыгарма менен иштөө жөндөмүн өнүктүрүү, поэзияны терең түшүнүү, сезимдерди сүрөттөө жана табият менен байланыш түзүү.

**Сабактын темасы:** М.Алыбаевдин “Коңур күз” ыры

**Сабактын максаты:**

- Акын Мидин Алыбаев тууралуу маалыматка ээ болушат;
- Турмуштун маңызы, адам менен табияттын өз ара байланышы, эмгектин мөмөлүү учуру катары поэтикалык тил менен даңазаланган ырдын маанисин түшүнүшөт;
- Адабий тилдин нормасында өз оюн аудио уктуруудан түшүнгөнүн, видеодон көргөнү тууралу оюн эркин айтып берүү, ой жүгүртүү көндүмдөрү калыптанат, ырды көркөм окуганга көнүгүшөт;
- Табиятка суктанууга, ага аяр мамиле жасоого, эмгекчилдикке тарбияланышат.

Сабактын түрү: интерактивдүү сабак

**Колдонулуучу мультимедия каражаттары:**

- Интерактивдүү доска/проектор
- PowerPoint презентациясы
- Акын Мидин Алыбаев тууралуу, табигый көрүнүштөрдүн видеосу (күз, талаа, кырман ж.б.)
- Музыкалык коштомо (жай ритмдеги кыргыз күүсү)

**Сабактын жүрүшү:**

**I. Уюштуруу (5 мүнөт)**

Саламдашуу, класстын баарын текшерүү.

Сабактын максатын жарыялоо.

Темага шыктандыруучу **видео-күз көрүнүшү** (3-5 мүнөт) көрсөтүү (музыка коштолгон).

Кыска суроо: “Бул видеодон кандай сезим алдыңар?”

**Ыр менен таанышуу (10 мүнөт)**

1. Ырды аудио уктуруу
2. **Окуучу тарабынан** ырды көркөм окуу.
3. Ырдын **автору тууралуу** кыскача мультимедиялык слайд-презентация көрсөтүү.
4. Ырды ар бир куплетин топтор чынжырча түрүндө окуп чыгышат. Ырдын мазмунун талдоо:

- Табияттын кандай көрүнүштөрү сүрөттөлгөн?
- Күз кандайча берилген?
- Ырдагы “коңур күз” синоним катары кандай маанини берет?

**Топ менен иш (10 мүнөт)**

Окуучулар 3 топко бөлүнөт. Ар бир топто ноутбук же планшет колдонулат.

**1-топ:** Ырдагы табият көрүнүштөрүн сүрөттөр аркылуу табуу (Google Image же Canva колдонуп).

**2-топ:** Ырдагы саптардын манисин чечмелешет

| Ыр | Чечмелөө |
|---|---|
| Буркурап согуп күзгү жел, Тамаша, эмгек, береке,<br>Буудайдын башын жайкаган. Талаанын бети жайнаган. | |
| Балкыган ысык жай менен<br>Балапан өсүп жетилди.<br>Энеси менен кошо оттоп,<br>Ээлигип кулун секирди. | |
| Бупбуурул тартып Ала-Тоо,<br>Булутка башы сайылган.<br>Сапсары болгон жалбырак<br>Самсаалап түшөт кайыңдан.<br>Коюнга батпай береке, | |

| | |
|---|---|
| Коңур күз артык баарынан. | |
| Алып келдиң, коңур күз,<br>Айлыма эмгек жыргалын.<br>Ала-Тоодой заңкайып,<br>Кызылга толду кырманым. [1, 18 б.] | |

**3-топ:** Кыскача көркөм баяндама: “Коңур күз менин айылымда кандай болот?” – 4–5 сүйлөм менен. Топтор өз жумуштарын презентациялашат.

**Жыйынтыктоо жана рефлексия**

Суроолор аркылуу талкуу:

-Ырда кандай эмоциялар басымдуулук кылат?

- Автор күз мезгилин кандайча элестетет?
- Эмне үчүн күз – береке мезгили?
- Силер жашаган жерде түшүм жыйноо кандай болот?

**Экологиялык тарбияга байланыштуу окуучуларга сунуштар:**

- “Менин айылым/шаарым – менин үйүм” деген түшүнүктү бекемдейбиз;
- Ар бирибиз өз үйүбүздүн же көчөбүздүн тегерегин таза кармайбыз, анткени күзүндө жалбырактар күбүлөт;
- Жерге түшкөн жалбарыктарды күйгүзбөйбүз, анкени экологияга олуттуу терс таасирин тийгизет;
- “Бүгүн мен табиятка кандай жакшылык кылдым?” деген суроого күн сайын жооп издейбиз;
- "Мен табиятты сүйөм!" темасында сүрөт көргөзмөгө даярданабыз;

**Рефлексия формасы**:

Доскага "Сизге сабактан эмне жакты?" деген суроо менен **жазуу/стикер чаптоо**.

**Баалоо:**

- Окуучулардын активдүүлүгү, чыгармачылык ишке катышуусу, топ менен иштешүүсү эске алынат.
- Формативдик баалоо: “Сен мыкты болдуң!”, “Жарадыңар!”, “Туура ой!”

**Үй тапшырма:**

1. "Күздөгү айылым" темасында 5–7 сүйлөмдөн турган эссе жазуу.
2. Күз тууралуу сүрөт тартуу же видео тартып келүү.

Жыйынтыктап айтканда башталгыч класстын окуучуларына экологиялык тарбия берүүдө көркөм чыгармалар менен мультимедиа каражаттарын айкалыштырып пайдалануу - окуу процессин кызыктуу, мазмундуу жана натыйжалуу кылат. Бул ыкма балдардын табиятка болгон мамилесин өзгөртүүгө, жаратылышты сүйүүгө жана сактоого багыт берет. Ошондой эле окуучунун эстетикалык табитин, логикалык ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө да жардам берет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдухамидова Б.А. ж. б. А13 Адабий окуу: 3-класс үчүн окуу китеби. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014. – 184
2. Абдыкадырова, Г. Ж. (2019). *Башталгыч класстарда экологиялык тарбия берүүнүн жолдору*. — Бишкек: Билим басмасы.
3. Иманалиева, К. (2018). *Мектеп жашындагы балдарга экологиялык билим берүү*. — Бишкек: “Педагогика” басмасы.
4. Заилова, Ж. Ж. Башталгыч класстын окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо жана сабактарда колдонулуучу педагогикалык оюндар / Ж. Ж. Заилова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – No. 6. – P. 264-267. – DOI 10.26104/NNTIK.2023.29.68.058. – EDN QJPGAJ.
5. Даминова, И. Этномаданий баалуулуктар - элдик тарбиялоонун булагы катары / И. Даминова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – No. 2(22). – P. 12-16. – EDN MTYSUW.